**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

01.10.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II -чакырылышынын**
**кезексиз XIII -сессиясынын**
**№1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаардык кеңешинин 09.09.2025-жылы өткөн кезексиз XII-сессиясында кабыл алынган Базар-Коргон шаарына караштуу К.Култаев көчөсүндөгү муниципалдык менчиктеги 10984,40 чарчы метр жер аянтынан 900,0 чарчы метр жер тилкесин спорт комплекс куруу үчүн жана калган жер аянтын Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык ишканаларга имарат жана унаа токтотуучу жай курууга макулдук берүү жөнүндөгү №11-токтомун жокко чыгаруу жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө” мыйзамынын 10-беренесине, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 39-беренесинин 5-бөлүмүнө, Базар-Коргон шаардык кеңешинин Регламентинин 45-главасынын 3-пунктуна ылайык депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаардык кеңешинин 09.09.2025-жылы өткөн кезексиз XII-сессиясында кабыл алынган Базар-Коргон шаарына караштуу К.Култаев көчөсүндөгү муниципалдык менчиктеги 10984,40 чарчы метр жер аянтынан 900,0 чарчы метр жер тилкесин спорт комплекс куруу үчүн жана калган жер аянтын Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык ишканаларга имарат жана унаа токтотуучу жай курууга макулдук берүү жөнүндөгү №11-токтому жокко чыгарылсын.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Аскар кызы Жанаргүлгө милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53


01.10.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясынын**
**№2-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын К.Култаев көчөсүндө жайгашкан шаардык мэриянын муниципалдык менчигиндеги 3-02-03-0005-1250 сыр белгиси менен катталган курулуш куруу багытындагы 10984,40 чарчы метр жер аянтын, Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн жаңы имаратын куруу үчүн Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктун жана 19-беренесин жетекчиликке алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К. Мамбеталиевдин 24.09.2025-жылкы чыгыш №01-28/2835 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын К.Култаев көчөсүндө жайгашкан шаардык мэриянын муниципалдык менчигиндеги 3-02-03-0005-1250 сыр белгиси менен катталган курулуш куруу багытындагы 10984,40 чарчы метр жер аянтын, Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн жаңы имаратын куруу үчүн Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Д.Юсуповго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

01.10.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясынын**
**№3-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын аймагындагы бош жана кароосуз жаткан жер аянтарды мэриянын муниципалдык менчик реестрине киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, 45-беренесинин 1-пунктун, аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин жетекчиси А.Юсупжановдун 07.08.2025-жылдын чыгыш №01-4/328 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз XIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын аймагындагы бош жана кароосуз жаткан жер тилкелерин жана аянттарын мэриянын муниципалдык менчик реестрине тиркемеге ылайык киргизилсин. Тиркеме №1 тиркелет.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Д.Юсуповго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**